Бешкемпирова В.К.Байбекова Н.Ж.
Талас мамлекеттик университет

# ХИМИЯ САБАГЫНДА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУ КОЛДОНУУ

**Калыптандыруучу баалоо** бул - окуп–үйрөнүү процессинде жана окуунун алгачкы мезгилинде өзгөртүү киргизүү үчүн окуучунун өсүшүн баалоо. Мындан сырткары, калыптандыруучу баалоо окуучулардын өздөрүнүн өнүгүүсүн андап билип, байкоо жүргүзүүсүнө жана кийинки кадамдарын мугалимдин жардамы менен пландоосуна мүмкүндүк берет. «Калыптандыруучу баалоо» окуучунун жанында туруп ийгиликке жетелөө дегенди билдирет.[1]

Калыптандыруучу баалоо билим берүүдөгү анча деле жаңы көнүмүш эмес. Утурумдук баалоо калыптандыруучу баалоонун милдеттеринин бир бөлүгүн аткарып келген. Бирок баалоонун бул түрү көбүнчө негизги максатка айланып кетип, окуучулардын эмгек билбегендигин, колунан келер–келбесин белгилөө жана журналдагы баалардын топтоо деңгээлинде гана жүзөөгө ашырып келген [ 2 ].

| | |
|---|---|
| Максаттары<br>1. Билим берүү, окутуп үйрөтүүчү:<br>Оксиддер – органикалык бирикме-лердин негизги класстары жана алардын ортосунда жүрүүчү реак-циялар менен толук тааныша алат.<br>2. Өнүктүрүүчү: Органикалык бирик-мелердин негизги окүлү болгон «оксид» жөнүндө билимдерди өркүндөтүү.<br>Тарбиялык: Табиятта, өнөр жайда жана турмуш тиричиликте оксид-дердин кеңири пайдалана аларын билишет.<br>Сабактын жүрүшү.<br>1. Уюштуруу үчүн (1-2 мин ) муга-лим менен окуучулар саламдашат. Мугалим сабакка даярдыкты текше-рет. | Көрсөткүчтөрү.<br>5 жана 6 главалардан оксид жөнүндө билимдерин эске салышат .<br>М: Темирдин оксиддеринен Fe2O3 жана Fe3O4 кендери чоюнду жана болотту алууга болоорун билишет. Кремнийдин оксиди SiO2 курулуш материалдарын өндүрүүдө пайдаланылат. |
| 2. Максат коюу:<br>Балдар, биз бүгүн силер менен оксид жөнүндө билгендерибиздин баарын эсибизге түшүрөбүз да, оксиддер жөнүндө алган билимибизди андан ары тереңдетебиз.<br>Азыр биз кычкылтектин химиялык касиетин эстеп, кайталайбыз. Андан кийин «Ким көп табат?» оюнун ойнойбуз. | Бул иш мугалимге окуучулардын тема боюнча билимдерин, билгичтиктерин денгээлин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. |
| Мугалим бир мисал көрсөтөт.<br>М : көмүртектин оксиди.<br>Окуучулар татаал зат болгон оксиддин формуласын жазышат.<br>Окуучулар өз алдынча иштелип болгон оксиддерди жазышат. Бир нече окуучу оксиддердин атын атап, химиялык формулаларын доскага жа-зышат. Туура жооп берген окуу-чуларды мугалим мактап, тапшыр-маны так аткара албагандардын каталарын көрсөтүп, түшүндүрүп берет. | Оюн формасы окуучуларды активдештирүүгө өбөлгө түзөт. |
| Оксиддер жөнүндө алган билимдерин текшерип көргөндөн кийин мугалим оксиддердин номенклатурасын жана классификациясын, графикалык фор-муласын, физикалык касиеттерин түшүндүрүүгө өтөт.<br>Мектептин лабороториясында кездеш-кен оксиддер менен балдарды таа-нышат. Оксиддер жаратылышта ке-ңири таралган органикалык эмес бирикмелер экендигин мугалим баса белгилеп кетет. Оксиддердин бөлү-нүшү боюнча класстер түрүндө көр-сөтүү:<br>Туз пайда кылуучу оксиддер<br>Негизги амфортердик кислоталык. | Калыптандыруучу баалоонун «сөз жүзүндө баалоо» ыкмасы (оозеки кайтарып байланыш) мугалим туура жоопту мактоо менен оозеки кайтарым байланышты өткөрдү Оксиддер жө-нүндө кийин окуучу жакшы түшүн-гөнүн жана жакшы түшүнбөгөндүгүн мугалим байкады. Кайрадан оксид-дерге аныктама берип, сабакты андан ары улантууга өтүү. |
| Теманы түшүндүрүп бүткөндөн кийин мугалим баалоонун ар түрдүү ыкма-ларын колдонот. | Мугалим текшерүүнүн бул формасын (калыптандыруучу баалоону) тема түшүндүрүлүп бүткөндөн кийин колдонот. Эмне үчүн? Кандай? Кантип? Тактама суроолорду берет. |

1. Кол менен жасоо ыкмасы.

Бул учурда мугалим окуучулардын материалды түшүнгөндүгүн же түшүнбөгөндүгүн билдирүүнү суранат. Мугалим окуучулар менен тийиштүү белги жандоолор тууралуу макулдашып алат.

Түшүндүрүү (баш бармак жогору көтөрүү).

2. Жакшы өздөштүрө албадым деп айта албайм (баш бармак төмөн багытталган)

3. Мен түшүнө алган жокмун (баш бармак туура жакка багытталган).

Жаңылоолорго карата мугалим айрым окуучулардан сурайт. Силер эмнени түшүнбөдүңөр? Жообунун тууралыгына шектендирген сөз берет.

4. Баарын түшүндүргөнгө сөз берет.

Мугалим тактоочу суроолорду берет.

М: Оксиддер деп эмнени айтбыз?

Оксиддердин алынышынын химиялык теңдемесин жазып берүүнү суранат.

Бир нече жоопторду угат.

Алынган жоопторду жыйынтыгына карай теманы кайталап түшүндүрүү, бышыктоо керек болсо, мугалим дагы бир чакан текшерүү ишин колдонот.

М: 1) Берилген оксиддерди атагыла?

А) N2O. ZnO. CuO. K2O.

Б) PbO2. Mn2O.

В) Mg O. P2O5. SiO5.

2) Экологиялык жактан денсоолукка зыян келтируучу кайсы заттардын оксиддери абада болушу мүмкүн?

А) сууCO2 O

Б) P2O5, CO2

В) SO3, NO2,

Г) SO3, P2O5,

Д) SO3, SiO2,

Бул кадам кыйналып калган окуучулардын түшүнүгүндө кандай өзгөрүү болгондугун билүү жана андан ары эмне кылуу керек экендигин аныктоо үчүн жасалууга тийиш. Сабактан аягында өтүлгон тема боюнча өздөрүнүн ойлорун тактоодо дайыма ишенип турууучу күтүлүүчү дарак илип коюу керек. Күтүлүүчү даракка окуучулар өздөрүнүн суроолорун жазып, илишет

Мугалим окуучулардын жоопторун чогултуп алып, карап чыгат. Кыйынчылык келип чыкканын көрсө, кийинки сабакта башкача иштейт.